«Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси

Пед. советтин заседаниесинде каралды
Протокол №__7__
«__15__» «__06__» 2023 ж.

« Бекитем »
БИК мекемесинин мудуру
филос. илим. канд. доц.
Эркинбеков К.Э.
«__15__» «__06__» 2023 ж.

# 2022-2023 окуу жылына
# Китепкананын ишинин отчету

Бишкек 2023 ж.

Китепкана колледждин ажырагыс маалымат беруучу бөлүгү болуп саналат.

Китепкана колледждин окуу жана илимий-изилдөө процесстерин өнүктүрүүгө

жана камсыз кылууга, жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого китепканадагы библиографиялык жана маалыматтык иш-аракеттердин бардык формалары жана ыкмалары аркылуу көмөк көрсөтүү максатында түзүлгөн.

Китепкана колледждин Уставынын жана колледждин китепканасы жөнүндө жобонун негизинде иштейт.

Китепкананын максаты – окурманга керектүү документтерди, алар кандай формада берилгенине, сакталуучу жерине карабастан, жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.

Колледждин китепканасынын негизги иш багыттары:

- студенттерге жана окутуучуларга, илимий кызматкерлерге жана колледждин окурмандарынын башка категорияларына китепканалык-библиографиялык, маалыматтык кызматтарды корсотуу.

- колледждин окуу-тарбия иштерине ылайык маалыматтык ресурстардын фондун сапаттуу түзүү.

Китепкана-маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын кеңейтүү жана жакшыртуу.

- Окурмандардын маалыматты издоо маданиятын, жөндөмүн жана маалыматтык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануусун калыптандыруу.

- Окуу жылынын аягына чейин оз убагында китепканага китептерин тапшырбаган окурмандарды аныктоо үчүн, окурмандын китепчелерин(читательскийформуляр) текшерилет, (тизмелер ар бир тайпанын кураторлоруна тапшырылат).

- Берилген китептердин оз убагында кайтарылышына, алардын эсепке алынышына жана сакталышына үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүү.

- Башка орто окуу жайларынын китепканалары менен кызматташуу жана тажрыйба алмашуу.

## 3. Китепкананын азыркы абалы

.

Бүгүнкү күндө китепкана салттуу (басма) жана электрондук ресурстарга ээ. Жалпы 1-курстун студенттери жыл сайын окуу жылынын башында «Биринчи курстун жумалыгы» (жаңы кабыл алынган студенттер менен таанышуу) жургузулот. Жыл бою китепкананын кызматкерлери түздөн-түз китепкана бөлүмдөрүндө окурмандарга кеңеш беришет. 2022-2023-окуу жылында 1-курста – 334 студент (11 группа), 2-3-курста – 423 студент, сырттан окуу болумуно 35 студент 32 кызматкер катталган. Ар бир студент катталгандан кийин китепкана картасын жана окурмандын билетин алат. 2-3-курстун студенттери китепкана картасын кайра каттатып текшеруудон отушот. Жалпысынан китепканага колледждин 792 студент, 32 колледждин кызматкерлери катталган.

## 4. Структура

Колледждин китепканасынын түзүмү төмөнкүлөрдөн турат: тейлөө бөлүмү – абонемент (АБ), жаны келген китептерге каталог түзүү жана илимий иштетүү бөлүмү. Окуу залы бар – 35 орундуу

4.1 Абонемент – Китепканага  жазылуу жана регистрациядан отуу болуму  (АБ).

Жазылуу - бул китепкананын документтерин, китепканадан тышкаркы жерлерде жана белгилүү шарттарда пайдалануу үчүн окурмандарга  берүүнү караган жана кайра каттоодон отуу  формасы.

4.2 Окуу бөлүмү. Бул бөлүм китепкананын фондун толук жана эффективдүү чогултууну жана колледждин окуу ишмердуулүгүнө ылайык келген басма документтери менен  камсыздайт.

4.3 Каталог түзүү жана адабияттарды илимий иштетүү бөлүмү.

Инвентаризациялоо китебине жазуу, инвентарлык номер берүү. Фонддун кириш жана чыгыш документтерин кабыл алуу жана каттоо.

Бөлүмдо топографиялык каталогду түзүп, китепкананын фондусун билим тармактары боюнча системалаштыруунун, чагылдырылышын уюштурат, документтерди алгачкы иштетүүнү (УДК боюнча системалаштыруу, Л.Б.Хавкиндин таблицасы боюнча автордук белги ыйгаруу) жүргүзөт. Документтерди китепканда библиографиялык, илимий-техникалык жактан,тийиштуу иштерди жүргүзөт. Бөлүм фондду текшерүү жана китептерди калыбына келтирүү иштерин жургузот.

Китепкананын фондусунда 6045 (алты мин кырк беш) нускада китептер бар.  Фонддо бардык адистиктердин окуу планынын  дисциплиналары боюнча окуу куралдар бар. Фондду толуктоо иштери жургузулду :” Философия”, “Педагогика” (кырг., тилинде), “Кыргыз Республикасынын Географиясы “, Юридикалык “адистиги , “Манас таануу” боюнча (кырг., орусча)китептерди кабыл алдык. Андан сырткары колледждин илимий кызматкерлеринин эмгектери дагы китепкананын фондусунда орун алган.   Фонддо кыргызча корком адабий чыгармалар орун алган.